
# ЖОЛУБУЗ БОЛБОГОН КҮН



Автор: Асель Джакыпбекова

Сүрөтчү: Сайкал Картанбаева

Которгон жана адаптациялаган: Абдыкерим Муратов

# ЖОЛУБУЗ БОЛБОГОН КҮН

Автор: Асель Джакыпбекова
Сүрөтчү: Бермет Кудайбергенова
Которгон жана адаптациялаган: Абдыкерим Муратов

Кыргыз тилинде
Бишкек-2022

Copyright © 2022, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"ЖОЛУБУЗ БОЛБОГОН КҮН" (кыргыз тилинде),автор Асель Джакыпбекова, сүрөтчү Бермет Кудайбергенова, Абдыкерим Муратов тарабынан которулуп адаптацияланган.

*Невезучий день*, Copyright © 2021, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.


Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.



Бүгүн бир кызыктай эле күн болду. Жолубуз болгон жок десек да болобу? Элестеткиле, биздин класстан төртөөбүз Самат, Дастан, Айдай жана мен болуп “2” алдык! Кандайча мындай болуп кеткенин, азыр айтып берем.



Биринчи эле сабакта математика мугалими Назгүл Муратбековна, жума күнү жазган текшерүү иштин бааларын айтып баштады. Мен “4”, Самат досум “2” алыптыр. Досумду карасам, башын жерге салып, кыпкызыл болуп отурат.



Самат алган баа үчүн аябай тынчсызданат. Апасы “2” эмес, “3” алса да урушат. Математикадан Самат анча эмес, бирок футболду мыкты ойнойт. Балким, ал атактуу футболист болот.





Математикадан кийин, биз орус тили сабагына бардык. Наталья Васильевна – аябай жакшы мугалим, мыкты түшүндүрөт. Бирок мен эрежелерди унутуп калып жатам. Менимче, апам айткандай, эс тутумум начар окшойт.




Мисалы, “шоколад” деген сөздү “о” менен жазуу керек. Мен болсо  шакалга окшоштуруп, “шакалат” деп жазам. Шакал – кыргыз тилинде чөө деп которулат. Ал конфет эмес, жырткыч жаныбар да.

Жаман баа алгандыгым үчүн, ата-энем мени урушпайт, бирок баары бир “2” алгым келбейт.




Музыка сабагында кыш тууралуу ыр ырдадык. Мугалим былтыркы окуу жылында өтүлгөн кантата темасы тууралуу сурап кирди.


– Кантата – бул оркестрдин коштоосунда, хор жана солисттер аткаруучу, бир нече бөлүктөн турган вокалдык-симфониялык чыгарма, – деди Алина Сыймыкбаева. Ал сабактарды жалаң “5” менен окуган кыз.

– Туура,“5”, – деди мугалим.



– Акынбеков, өткөн сабакта кайсы композитордун чыгармачылыгы менен тааныштык эле? – деп мугалим Дастандан сурады.

– Абдрай Мукашев, – деди Дастан, бир аз ойлонуп туруп.



Класс күлүп жиберди.

– Мукаш Абдраев, – деп мугалим дароо оңдоп койду.

– Өткөн сабакта биз уккан Мукаш Абдраевдин чыгармасынын аталышы кандай? Кантатасы кандай аталат?

Дастан оор үшкүрүнүп, унчукпай тура берди.

– Акынбеков, отур, “2”.



Эң жакшы көргөн сабагым – дене тарбия. Чуркап, секирип ойногон кандай сонун! Эгер сабактарды тандоого мүмкүнчүлүк болсо, математиканы эмес, дене тарбия сабагын тандамакмын. Ошол күнү узундукка секиргенбиз. Мен эки метрге, Самат бир метр сексен беш сантиметрге секирди.



Айдай бир метр узундукка араң секирди. Ал да мыкты окуган кыз. Айдайдын бою кыска, арыкчырай, узун чачтуу татынакай кыз. Кыскасы, ал мага жагат. Айдай дене тарбия сабагынан эле кыйналат. Чуркаганы өтө эле жай. Ар дайым эң артта келет. Аркан менен өйдө тартылып чыгуудан коркот.



Мугалим Айдайды дагы бир жолу секиртти. Анан дагы секирди. Секирген сайын, бир метрден ашпай койду. Улам-улам секиргенден чарчап, ыйлап да жиберди. Кээ бир балдар күлүп калышты. Мен бурулуп, ал балдарга муштумумду кезеп койдум. Күлкү тып токтоду.



– Айдай, бутуңду алдыга коюп, күүлөнүп, секир, – дедим мен. Өзүм да ыкмасын көрсөтүп бердим.

– Темирбек Урматович, Айдайга “2” койбоңузчу, – деп мугалимден сурандым. “Айдайды машыктырып үйрөтсөң, жакшы баа коём. Азырынча “2”, – деди агай, мени карап.

Бүгүн таптакыр жолубуз болгон жок деп айтпадым беле.

– Ыйлаба, Айдай. Сенин колуңдан баары келет. Баа – бул жөн эле баа да. Аны каалаган убакта, оңдоп койсо болот эле.

Аракет кылсак, бири-бирибизге жардам берсек, сөзсүз, ийгиликке жетебиз!

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Асель Джакыпбекова
Сүрөтчү: Бермет Кудайбергенова
Которгон жана адаптациялаган:
Абдыкерим Муратов

USAID "Окуу керемет!"
долбоору Кыргыз Республикасы

1-класс: 1.1 деңгээли, 1.2 деңгээли, 1.3 деңгээли

2-класс: 2.1 деңгээли, 2.2 деңгээли

3-класс: 3.1 деңгээли, 3.2 деңгээли

4-класс: **4.1 деңгээли**, 4.2 деңгээли